
# Бала крокодилдин окуясы




Автор: Апарна Капур

Сүрөтчү: Рош

Которгон жана адаптациялаган: Талгат Деркембаев

# Бала крокодилдин окуясы

Автор: Апарна Капур
Сүрөтчү: Рош
Которгон жана адаптациялаган: Талгат Деркембаев

Кыргыз тилинде
Бишкек-2021

Copyright © 2021, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган.

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

*Ghum-Ghum Gharial's Glorious Adventure*, Copyright © 2020, Эта работа лицензирована по международной лицензии Creative Commons Attribution 4.0. (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) түп нускасынан ылайыкташтырылган. CC BY 4.0 лицензиясы негизинде лицензияланган.
"Бала крокодилдин окуясы" (кыргыз тилинде), Талгат Деркенбаев тарабынан которулуп адаптацияланган, автору Апарна Капур, сүрөтчү Рош. Pratham Books ©2007 CC-BY 4.0 лицензиясы боюнча басылып чыккан. Чыгарманын түп нускасын бул жерден көрө аласыз: https://storyweaver.org.in/stories/10448-ghum-ghum-gharial-s-gloriousadventure

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Эгер сен үчүнчү класста окусаң, анда крокодилдер Африка менен Индияда жашаарын билсең керек. Албетте, ошондой!

Биз сага кичинекей крокодил Гум-Гумдун окуясын айтып беребиз.

Ал Индиядагы Ганг дарыясынын жээгинде туулган.

Бүгүн Гум-Гумдун биринчи жолу алыска сүзөр күнү.

Ал аябай толкунданып жатат. Гум-Гум сууга бир туугандарынын ичинен биринчи болуп кириши керек. Анын үй-бүлөсү андан кем эмес толкунданышты. Крокодилдердин бардыгы: "Б-р-р-р! Г-р-р-р! р-рум! " – деп кыйкырып жатышат.



Гум-Гум тумшугун суугa акырын салды да, селейип катып калды...

Бир маалда: "Пай-пай-пай!!! Кандай гана сонун!" – деди Гум-Гум.

Муну укканда, баары сууга чуркап жөнөштү.

Гум-Гум сууда буттарын шамдагай кыймылдатып, куйругун ары-бери чапкылады. Тегерете суу чачырап жатты.

"Мына, ата! Мен сүзүп баратам! Мына!" – деп кичинекей крокодил кубана кыйкырды.



Ал ушунчалык ээлигип кеткендиктен, кантип жалгыз калганын байкабай калды.

"Ата!" – деп күтүлбөгөн жерден крокодил коркуп кетти.

Гум-Гум айлана-тегерекке көз чаптырды. Эч ким жок! Ал оңду-солду карады. Бирок жанында эч ким жок экен. Ал: "Ата!" – деп чакырды, эси чыгып.

Анын үй-бүлөсү кайда кетти болду экен? Эми эле бул жерде жүрүшпөдү беле?




Бул маалда анын жанынан окумуштуу суу чычкан Вилли сүзүп өтүп баратыптыр.

– Менин үй-бүлөмдү көргөн жоксузбу, Вилли мырза? – деп сурады Гум-Гум.

– Жок. Көргөн жокмун. Бирок асмандан көптөгөн жаркыраган жылдыздарды көрдүм. Сен аларды мени менен чогуу көргүң келеби? Жылдыздарды караган дүрбүм бар, – деди Вилли.

– Сунушуңузга ырахмат. Балким, кийинки жолу көрөрмүн, – деп крокодил капалана жооп берди.



Дал ушул учурда Гум-Гум "Б-р-р-р! Г-р-р-р! Р-рум" деген тааныш үндөр угулду.

Бул анын үй-бүлөсү да! Ал сүйүнгөн бойдон тааныш үндөр чыккан тарапты көздөй сүзүп жөнөдү.




Бир маалда Гум-Гумдун тумшугунун алдынан чоң толкун көтөрүлүп, суудан дельфин серпилип чыкты.


– Дельфин айым, менин үй-бүлөм кайда кеткенин билбейсизби? – деп бала крокодил сылык-сыпаа сурады.

– Жок. Бирок мен кайсы жерде даамдуу балыктар көп экендигин билем. Мени менен сүзүп барып балык жегиң келеби? – деп Дельфин Гум-Гумга жылмайды.

– Балким, кийинки жолу барармын. Рахмат! – деп Гум-Гум андан ары сүзүп жөнөдү.



Гум-Гум дагы бир жолу "Б-р-р-р! Г-р-р-р! Р-рум!" деген үндү угуп, ошол тарапка жетүүгө ашыкты.



Дарыянын жээгиндеги таштын үстүндө үлүл эригип, күнгө кактанып отуруптур.

– Кечиресиз, үлүл эже! Менин үй-бүлөмдү көргөн жоксузбу? – деп сурады Гум-Гум.

– Жок. Бирок мен сага жээктен эс алганга ылайыктуу, жайлуу жерди көрсөтүп бере алам, балам! – деди Үлүл.


– Балким, башка жолу. Сизге рахмат! – деп Гум-Гум андан ары сүзүп жөнөдү.



Крокодил дагы бир жолу алыстан "Б-р-р-р! Г-р-р-р! Р-рум!" деген тааныш үндү укту. Ал шашкан бойдон үндү көздөй сүзүп жөнөдү.

Гум-Гум жакын сүзүп келип, карыган чоң крокодилди көрдү. Чоң крокодилдин жанында неберелери сүзүп жүрүшүптүр.

– Чоң ата, силер менин үй-бүлөмдү көргөн жоксузбу? – деп сурады Гум-Гум.





– Сенин атың Гум-Гумбу? – деп сурады кары крокодил.

– Ооба, бул менмин! – деп сүйүнүп кетти бала крокодил.

– О-о-о! Анда мен сенин үй-бүлөңдү көргөн экем. Алар баары сени издеп жүрүшпөйбү! Сен алардын чакырганын уккан жоксуңбу? Бул үндөр ылдый жактан угулуп жатат. Дарыяны бойлоп ылдый сүзө бер! – деди картаң крокодил.







Гум-Гум жана крокодилдин башка балдары бир саамга кулак түрүп тыңшап калышты. "Б-р-р-р! Г-р-р-р! Р-рум! Гу-у-ум! Гу-у-ум!" деген үндөр эми даана угула баштады.

Бул анын үй-бүлөсү болчу. Алар анча алыс эмес эле жерде жүрүшөт окшойт.

Кубанган Гум-Гум картаң крокодилге ыраазычылыгын билдирип, андан ары сүзүп жөнөдү.



Ал аңгыча Гум-Гум кумдуу жээкке сүзүп жетти. Гум-Гум ушунчалык чарчаган экен, кумга эптеп эле сойлоп чыкты.

Жээктен "Гум-Гум" деген бирөөнүн үнүн укту. Бала крокодил башын өйдө көтөрүп: “Ата!” – дегенге араң жарады.

Чоң кара көлөкө Гум-Гумду көздөй жылып келе жатты.

– Ата! – деп сүйүнүп кетти Гум-Гум.

Атасы баласын тумшугу менен түртүп, мээримин төгө жылмайды.

– Үйгө кош келипсиң, уулум. Ушунча убактан бери сен кайда жүрдүң? – деп сурады атасы.

– Мен укмуштай бир окуяларга кабылып, көп жаныбарлар менен тааныштым. Досторду таптым. Эртең да ушинтип сүзүп чыгып, аларга жолуккум келет. Аларга кайра келем деп убада бердим, – деди Гум-Гум жылмайып.







Индияда Ганг дарыясы агат. Гум-Гум өзүнүн чоң үй-бүлөсү менен ошол дарыяда жашайт. Кичинекей крокодил күн сайын азыктануу үчүн дарыяда сүзүп жүрөт. Суудан дельфин, кундуз, үлүл, суу канаттуулар жана кайыктагы балыкчыларга кезигет. Ал жээктен өгүз, жылан жана башка ар түрдүү жаныбарларды көрөт.

Сүрөттү көңүл коюп карагыла. Гум-Гум дагы кандай жаныбарларга жолукту?



КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Апарна Капур
Сүрөтчү: Рош
Которгон жана адаптациялаган:
Талгат Деркембаев

USAID "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

| | |
|---|---|
| 1-класс | 1.1 деңгээли |
| | 1.2 деңгээли |
| | 1.3 деңгээли |
| 2-класс | 2.1 деңгээли |
| | 2.2 деңгээли |
| 3-класс | 3.1 деңгээли |
| | 3.2 деңгээли |
| 4-класс | 4.1 деңгээли |
| | 4.2 деңгээли |